**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**

**АЛА-БУКА РАЙОНУНУН**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АЛА-БУКИНСКОГО РАЙОНА**

---

**Ала-Бука районунун Ынтымак айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын**

# ТОКТОМУ

28-май 2024-жыл **№ 14** Теңги айылы

**Ынтымак айылдык аймагынын Кулпек-Сай айылында микрокорук түзүү үчүн жер аянттарын ажыратып берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешине "Бюджеттик процесстерди стратегиялоо борбору" коомдук бирикмесинин кайрылуусун карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 3-майындагы №18 "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө" Мыйзамынын $23^1$ –беренесине ылайык Ынтымак айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №554 "Жергиликтүү маанидеги микрокоруктарды жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүнүн жана алардын иштешинин тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык, аймакта микрокоруктарды уюштуруу аркылуу жапайы жаратылыш аймактарын сактап калуу, био ар түрдүүлүктү жана экосистемаларды сактоону, бузулган экосистемаларды калыбына келтирүүнү жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу максатында Ынтымак айылдык аймагынын Кулпек-Сай айылынан 2,0 га жер аянтын микрокорук үчүн пайдаланууга ажыратып берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү Ынтымак айылдык кеңешинин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ынтымак айылдык кеңешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана Ынтымак айыл өкмөтүнүн айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу жана муниципалдык менчик боюнча адисине милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ч. С. Акматов**